**МУСАЕВА В.И.,**
*КББА*

# КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК ДЕГЕН ЭМНЕ? ЖЕ МЕКТЕПТЕ САЛТТУУ ОКУТУУ МЕНЕН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ БАГЫТТАП ОКУТУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

Бүгүнкү ааламдашуу доорунун заманбап талаптарына ылайык, ар бир адам, ар бир жаран кайсыл гана чөйрөдө, кандай гана маселени чечүүдө болбосун өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарылдыгы келип чыгууда. Ушундан улам, биз бир нерсени моюнга алышыбыз керек. Азыркы учурда республикабыздагы билим берүү иштери предметтин чегинен чыкпаган академиялык мүнөздө болууда. Тактап айтканда:

- балдар маалымат менен иштөөнү билишпейт;
- маселени чечүүдө мурунтан келаткан бир типтүү, окшош аракеттерди гана жасашат;
- гипотеза ойлоп табууга, аларды текшерүүгө көнүгүшпөгөн;
- өз алдынча чыгармачылык менен талдоо жүргүзө алышпайт;
- ар кыл кырдаалдарды аңдап билүүгө, анын себеп-натыйжаларын түшүнүүгө көнүгүшпөгөн;
- чыгармачылык өз алдынча демилгелүүлүк жокко эссе ж.б.

Эгер, биз окуучуларды азыркы заманбап дүйнөлүк талаптарга ылайык турмушка даярдагыбыз келсе, турмуштук кырдаалдарга даярдоодо окуу мезгилинде гана эмес башка ишмердүүлүктөрдүн чөйрөлөрүнө да ыңгайлаша алууга үйрөткүбүз келсе, анда, алгач ишти эмнеден баштообуз керек деген суроо туулат.

*1-ден,* азыркы мектептеги билим берүү иши турмуштан өтө алыстап, теориялашып кеткендиктен, аны чыныгы турмушка жакындатуу;

*2-ден,* теорияга негизделген окутуу ишинин нугун практикалык мүнөзгө буруу;

*3-дөн,* окуучу мектептен алган билимин жашоосунда пайдалана алгандай деңгээлге жеткирүү үчүн окутууну баланын турмушуна жакындатуу;

*4-дөн,* ар кыл татаал коомдук-социалдык жана турмуштук кырдаалдардан бала кыйналбай чыгып кетүүсүнө ылайыктоо аркылуу окутуу ишин жүргүзүү;

*5-ден,* мектеп бүтүрүүчүлөрүн өзүн-өзү, өзүнүн чөйрөсүндө коммуникациянын көп жактуу, татаал ыкмаларын түшүнүүсүнө жана аны пайдалануусуна өбөлгөлөрдү түзүү;

6-дан, окутуунун максаттарын туура коюу менен анын натыйжалуулугуна жетишүү ж.б.

Бул жана башкалар тууралуу окумуштуу-педагогдор тарабынан буга чейин айтылып да жазылып да келди. Алардын айтуусу боюнча «асмандагы жылдыздардан баштап, деңиздин түпкүрүнө чейин, байыркы коомдук түзүлүштөн баштап, бүт дүйнө жүзүндөгү мамлекеттердин тарыхы, географиясына чейин бүт аңтарып окуп-билген окуучу өзүнүн керт башындагы проблемаларды, тактап айтканда, жеке өзүн жүрүм-турум маданиятына, сүйлөө маданиятына , өзүн өзү коомдук жайларда кандайча алып жүрүүнү, өзүнүн жүрүм-турумун каалоолорун башкалардын кызыкчылыгына кандайча ылайыкташтырууну окуп-үйрөнүүнү билбеген бойдон мектепти аяктап, чоң турмушка аттанып жатышкандыгы» бул, албетте, чындык.

Мына ушундан улам, дегеле «компетенттүүлүк» деген терминдин өзү эмнени туюндурат деген суроо туулат. «Компетенттүүлүк» деген термин латын тилиндеги «competens» деген сөзүнөн алынып, кыргызчага которгондо “билгич”,” жөндөмдүү”,” ылайыктуу”, “шайкеш келген” деген түшүнүктү туюндурат. Бул жерде, албетте, тигил же бул тармак боюнча ар тараптуу, терең билимдүү, тажрыйбалуу, абройлуу, анын ой-пикири башкалар үчүн олуттуу деп саналган адам тууралуу сөз болуп жатат.

Эгерде, мына ушул эле «компетенттүүлүк» деген түшүнүктү кеңири мааниде да алып карасак болот. Мисалга алсак, инсандын компетенттүүлүгү кандай даражада

экендиги анын күнүмдүк турмушунда, кесиптик ишинде же социалдык чөйрөлөрдө тигил же бул проблеманы чече билүүдө аныкталат.

Ошону менен бирге эле инсандын өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүндө, атуулдук-коомдук ишмердүүлүгүндө, кайсыл бир тармакта эмгектенүүсүндө, тиричиликте, маданий жерлерде жана башка бардык учурларда ал өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарыл. Буга ылайык, адам ар дайым өзүн өзү өнүктүрүп, алган теориялык билимдерин практика жүзүндө сынап, тактап, сынчыл көз караш менен карап, ар бир көрүнүш, окуялардын себеп-натыйжаларын таап чыгып, аларды окшоштуруп, салыштырып, талдап ар дайым маселени оң жагына чечүүгө аракет жасаган учурда гана “компетенттүүлүк” сапат же “компетенттүү мамиле же ыкма” келип чыгат. Ошондо гана ал «компетенттүүлүк», «компетенттүү адам», «компетенттүү мамиле», »компетенттүү адис» деген наамга ээ болот. Демек, компетенттүүлүк деген эмне дегенде «компетенттүүлүк бул - тигил же бул жумуштун майын чыгара иштеп, өтөсүнө чыгып, натыйжалуу эмгектенүү үчүн, үзүрлүү ишмердүүлүккө өбөлгө түзүүгө зарыл деп эсептелинген билим, ыкма, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, жөндөмдүн, тажрыйбанын болуусу, турмушта туура кадам жасоо үчүн адамдын толук кандуу өсүп жетилүүсү» деген түшүндүрмөнү берет элек.

Компетенттүүлүк – бул иштин көзүн билүү менен маселелерди чече билүүчүлүк. Мында билим, билгичтик, ыкмалар (ББЫ) ишке ашат.

| | |
|---|---|
| ***Билим - компетенттүүлүктүн мазмундук жагы*** | ***Билгичтик, ыкма - компетенттүүлүктүн практикалык жагы*** |

Мында компетенттүүлүктүн мазмундук жагында билимге таянса, ал эми компетенттүүлүктүн практикалык жагы билгичтик, ыкмага негизделет. Проблеманын өзөгүн, маңызын билүү менен бирге эле аны чечүү, ар дайым билимди жаңыртуу, алган билимдерин белгилүү шарттарда жемиштүү колдоно билүү үчүн жаңы маалыматтарга, тактап айтканда, мобилдүү, тез билимге ээ болуу өтө маанилүү. Бул тууралуу билим берүүнүн предметтик стандарттарынын жаңы тибине арналган жыйынтыктоочу конференцияда « 5-9-класстарда табият таануудан билим берүүнүн жаңы муундагы предметтик стандарттары» аттуу докладында профессор Эсенбек Мамбетакуновдун «Компетенттүүлүктүн негизинде билим турушу керек « деген оюна биз да толугу менен кошулат элек. Компетенттүүлүк бул - так, туура чечим кабыл алууда, обьективдүү ой жүгүртүүнү алып чыгуудагы ишмердүүлүк мамиле .

Буга ылайык, «салттуу окутуу менен компетенттүүлүккө багыттап окутуунун айырмасы эмнеде?» деген суроо туулат. Бул жагдайда айрым бир окумуштуулардын ой-пикирлерин эске алуу менен биз төмөнкүдөй ой-пикирди, формуланы сунуштаар элек. Мисалы:

**Са*лттуу окутуу менен компетенттүүлүккө багыттап окутуунун айырмачылыктары***

| ***Салттуу окутуу – билимге таянат*** | ***Компетенттүүлүккө багыттап окутуу – билгичтик, ыкмага негизделет*** |
|---|---|
| Кайсыл тема окутулса ошол боюнча билими текшерилип, даяр үлгүнү кайра кайталоо ишке ашат | Окутуу жана текшерүү стандарттуу эмес түрдө жүрүп, кийинки этаптагы өз алдынча иш аракетке даярдык түзүлөт |
| Мугалимдин «аткарган» же «аткарган эмес» деп«5» баллдык баалоо менен баалоосу стандарттуу эмес тапшырмаларды аткарууга бөгөт болот | «Окуучунун жетишкендигинин портфолиосунда» окуучунун мектептен тышкары учурда да өзүнүн жетишкендигин көрсөтүүсүнө, өз алдынча чыгармачылыгына жол ачылат |
| Талап кылуунун | Мүмкүнчүлүктөрдүн педагогикасында |

| | |
|---|---|
| педагогикасында мыкты окуучу активдүүлүк менен тил алчаактыкты айкалыштырат | инсандын келечекте өнүгүү максаттарына багыттоочу жана ага ылайыктуу өбөлгөлөр түзүлөт |
| Мугалим жоопкерчиликтүү жана демилгечи | Мугалим билимдердин баарын өзүндө алып жүрүүчү эмес, уюштургуч катары окуу процессин уюштуруп, багыт берет |
| Окуучу – баш ийүүчү, жоопкерчиликсиз, педагогикалык аракеттин гана обьектиси | Окуучу өзүнүн жекече өнүгүүсүнө өзү жооп берет |
| Сабак репродуктивдүү түрдө өтүп, билим жана аракеттер, ыкмалар окуучуга даяр түрүндө берилет | Сабак окутуунун бир формасы катары келип, көбүнчө басым сабактан тышкаркы иштердин формаларына – долбоор боюнча топто иштөөгө, китепканада, компьютердик класста өз алдынча иштөөгө ж.б. жасалат |

Демек, жогоруда профессор Э.Мамбетакунов таасын белгилегендей, компетенттүүлүккө багыттап окутуу (анын өзөгүндө билим турушу керек) өзү салттуу окутуудан башталуусу керек. Биз салттуу окутууну четке кагып сала албайбыз. Ошону менен бирге эле, салттуу окутуу менен компетенттүү окутууну бири-бирине карам-каршы да кое албайбыз. Булар бири бирин толуктап, тактап турган ар биринин өзүнө тиешелүү баалуулуктары бар педагогикалык көрүнүштөр десек болот. Базалык жактан терең билимге ээ кылууда салттуу окутуунун ролу абдан зор.

Ушундан улам, азыркы кезде билим берүүнүн сапаттуулугун арттыра турган түйүндүү компетенттүүлүктөрдү (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, маселени өз алдынча чече билүүчүлүк) өнүктүрүүдөгү билим, билимдүүлүк жөнүндө түшүнүк салттуу репродуктивдүү окутуудан улам келип чыгаары бышык. Билимдүү окуучу тигил же бул кырдаалда кандай аракет жасоону теориялык жактан мыкты билет, түшүнөт. Ал эми компетенттүү окуучу аны практикалык түрдө ишке ашырат. Практика деле теориялык негиздерге таянат. Ушундан улам, билимдүү, сабаттуу окуучуда бара-бара билгичтик, ыкмалар, тажрыйба пайда болуп, билимдүү окуучу компетенттүү окуучуга өсүп жетилээринде шек жок.

Компетенттүүлүккө багыттап окутуунун артыкчылыктары эмнеде? Артыкчылыктары, албетте, бир нечелеп саналат. Алардын айрымдары булар:

- компетенттүүлүккө багыттап окутууда ар бир предмет боюнча билим берүү иши жаңылануучуга туш болот;
- окутуунун технологиясын жаңы идеялар, методдор, ыкмалар менен байытууга жол ачылат;
- мектептин, мугалимдин, окуучунун өз алдынча иштөөсүнө шарттар түзүлөт;
- балдардын жекече демилгелери, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү күчөйт;
- окутуу ишинде жергиликтүү аймактык өзгөчөлүктөр эске алынат;
- педагогикалык кызматташтыкты, инсанга багыттап окутууну, окутууну оптималдаштырууну ишке ашырууга мүмкүнчүлүктөр ачылат;
- креативдүү ой жүгүртүүгө шарт түзүлүп, окуучулар долбоор түзүүгө, изилдөөчүлүккө машыгышат;
- интерактивдүү доска, электрондук окуу китептери баштаган маалыматтык-компьютердик технология сабакка киргизилет;
- жогорку класстарда элективдик, профилдик курстар аркылуу кесипке багыт алууга өбөлгө түзүлөт ж.б.у.с.

Жыйынтыктап келгенде, биз тараптан кыргыз тилин компетенттүүлүккө багыттап окутуунун маселелери жагдайында бир катар макалалар, методикалык колдонмолор буга чейин жарык көргөн. Бул кезектеги макалада салттуу окутуу менен компетенттүүлүккө багыттап окутуу тууралуу учкай гана сөз козгодук. Муну, албетте, бүгүнкү күндөгү

жалпы билим берүүнүн мазмунун толугу менен алмаштыруу же өзгөртүү катары түшүнбөшүбүз керек. Компетенттүүлүктү - окутуунун натыйжалуулугу, натыйжага багыттап максаттуу, сапаттуу окутуу өңүтүндө алып караганыбыз оң. Ошондой эле, окуу материалдары бул – окутууну гана максат кылбастан, тарбия маселесине да түздөн-түз тиешеси бар экендигин эстен чыгарбасак.

**Адабияттар**


1. Андреев А.Л. Компетентностная парадигма в образовании: опыт философско-методологического анализа //Педагогика. – 2005. – №4.
2. Лебедев О.Е. Комптентностный подход в образовании //Школьные технологии. – 2004. – № 5.
3. Хуторской А. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированного образования // Народное образование. – 2003. - №2.
4. Мусаева В. Кыргыз тилин компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. Б.: 2014. 100б.
5. Мусаева В. Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. Б.: 2014. 96б.